**ОшМУнун социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кезектеги жыйынынын №3**

**ПРОТОКОЛУ**

2022-жылдын, 4-октябры
Төрайымы - ф.и.к., доц. Р. А. Ысмаилова
Катчысы- Т. Ө. Кыдырова
Катышкандар: 19 (Тиркеме тиркелет)
Келбегени: 3
*Өтүлүүчү жайы 205-каанасы*

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1.** Дисциплиналар боюнча электрондук ОУК түзүүнүн абалы. Жумушчу программа, силлабус, СӨАИ, БКФлардын сапаттуу түзүлүшүн талкуулоо,актуалдуу абалда кармоо.

**2.** Окутуучулардын окуу жүктөмдөрүн, жекече иш-пландарын бекитүү.

**3.** Дисциплиналар боюнча лекциялык, практикалык семинардык сабактардын иштелмелери, план –иштелмелерин бекитүү, ачык көрсөтмөлүү сабактарды уюштуруунун графигин түзүү жана бекитүү.

**4.** Ар түрдүү маселелер.

1. **Угулду:**

Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча каф. башчы, ф.и.к., доц. Р. А. Ысмаилова сөз сүйлөдү.

**Сөзгө чыкты:**

ф.и.к., доц. Г. Орунбаева кафедрадагы окутуучулардын алыскы чет элдик студенттер үчүн ОУКтары жогорудагы айтылган талапка ылайык түзүлүп, электрондук варианты да берилгенин айтып өтүү менен канааттандырарлык экендигин кошумчалады.

**Сөзгө чыкты:**

Каф башчы, ф.и.к., доц. Р. А. Ысмаилова окутуучулардын жумушчу программа, жалпы эле ОУКтарынын абалы канааттандырарлык экендигин айтып өттү.

2. **Угулду:**

Күн тартибиндеги 2-маселеде кафедрадагы жалпы окутуучулардын окуу жүктөмдөрү, окуу-усулдук, тарбиялык, илимий иштери боюнча бир жылдык жекече иш-пландары угулду.

**Сөзгө чыкты:**

Кафедра башчысы Р. Ысмаилова 2022-2023-окуу жылы үчүн окутуучулардын пландаштырылган бир жылдык жекече иш-пландарынын абалы канааттандырарлык экендигин айтып өттү.

3. **Угулду:**

Күн тартибиндеги 3-маселе боюнча усулдук секциянын жетекчиси ф.и.к, доц. Г. Орунбаева лекциялык,практикалык семинардык сабактардын, ачык сабактардын графигин окутуучулардын макулдугу менен түзүлгөндүгүн баса белгиледи.

**Сөзгө чыкты:**

Улук окутуучу Ж. Арзыматова сөз сүйлөдү. Ал өз сөзүндө ачык сабактарды өтүүнүн графигин түзүүдө 2022-2023-окуу жылында 1-курстун студенттеринин кечигип келип жаткандыгына байланыштуу ачык сабактарды өтүү күндөрү жылдырылып калуусу ыктымал экендигин эске алууну кошумчалады.

**4.** Угулду:

Кафедра башчы доц. Р. Ысмаилова сөз сүйлөдү. Ал өз сөзүндө кафедранын стратегиялык планын кароо жана ал жерде аткарылып жаткан жумуштарга токтолду.

**Сөзгө чыкты:**

доц. Г. Орунбаева биздин биринчи максат окутуучулук, кадрдык потенциалды көтөрүү болуп эсептелгендиктен бир катар окутуучуларыбыз кесиптик квалификациясын жогорулатты. Окутуучулардын магистратура, аспирантурага окууга, илимий иштерди жазууга тартуу жакшы жолго коюлду ошону менен бирге аспиранттарыбыздын саны өскөнүн баса белгиледи.

**Сөзгө чыкты:**

доц. Р. Ысмаилова окутуучулардын тил билүү деңгээлин жогорулатуу максатында проект жазылып, анын натыйжасында IELTS тил окутуу борборунда окутуучуларыбыз англис тилин окуп жатышат. Студенттердин чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү максатында фестиваль, таймаштарга катыштырып, алар байгелүү оорундарга ээ болушту. Окуу-усулдук кабинеттерди компьютер, интерактивдүү жана маркердик доскалар менен камсыздоо менен катар, аудиовизуалдык окуу методун ишке ашыруу үчүн лингафонный кабинет ачылганын баса белгиледи.

Кафедранын кезектеги жыйыны жогорудагы маселелерди карап чыгып жана окутуучулардын ой-пикир, сунуштарын эске алуу менен төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1. Кафедрадагы дисциплиналар боюнча түзүлгөн ОУК, жумушчу программа, силлабус, СӨАИ, БКФлардын абалы канааттандырарлык деп эсептелсин жана бекитилсин.
2. Окутуучулардын жекече иш-пландарынын абалы канааттандырарлык деп эсептелсин.
3. Дисциплиналар боюнча лекциялык,практикалык семинардык сабактардын иштелмелери, план –иштелмелерин бекитүү, ачык көрсөтмөлүү сабактарды уюштуруунун графигинин абалы канааттандырарлык деп эсептелсин
4. Кафедранын акыркы 3 жылдагы өнүгүү стратегиялык планын аткарылышы канааттандырарлык деп белгиленсин.

Кафедра башчы: Р.А. Ысмаилова.

Катчы: Т.Ө. Кыдырова

**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин**

**социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасы**

**Күнү: 04.10. 2022-ж.** **Убактысы:10:00** **Орду : 205**

| № | Ф.А.А. | Элеген кызматы | Келгендиги тууралуу белги |
|---|---|---|---|
| 1 | Ысмаилова Р.А. | ф.и.к., доцент | |
| 2 | Аваз к Ж. | окутуучу | |
| 3 | Адылбекова Б.У. | улук окутуучу | |
| 4 | Акбар к Э. | окутуучу | |
| 5 | Арзыматова Ж.Э. | улук окутуучу | |
| 6 | Аскаров У.Ы. | окутуучу | |
| 7 | Гаипова А.Н. | улук окутуучу | |
| 8 | Джеенбаева К.А. | окутуучу | |
| 9 | Дуйшоева Б.С. | улук окутуучу | |
| 10 | Дыйканбаева Р.Б. | улук окутуучу | |
| 11 | Жолдошева А.К. | улук окутуучу | |
| 12 | Жусубалиева М.Т. | улук окутуучу | |
| 13 | Иманкулова Т.Ж. | окутуучу | |
| 14 | Исаева М.А. | ф.и.к., доцент | |
| 15 | Кенжебайова А.Б. | окутуучу | |
| 16 | Кыдырова Т.О. | окутуучу | |
| 17 | Маматова А.Б. | улук окутуучу | |
| 18 | Орунбаева Г.Ж. | ф.и.к., доцент | |
| 19 | Осмонова Н.А. | улук окутуучу | |
| 20 | Оморкулова М.Б. | улук окутуучу | |
| 21 | Салиева Д.А. | окутуучу | |
| 22 | Торобай к З. | окутуучу | |